**Маалымкат**

ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети карьера бөлүмү менен тыгыз байланышта болуп, университеттин бүтүрүүчүлөр, жумуш берүүчүлөр, ата –энелер менен болгон иш алып баруусунда көмөк көрсөтүп келүүдө. Максатка ылайык бүтүрүүчүлөр ЖОЖдордо, мектептерде,бей өкмөт уюмдарда, коомдук уюмдарда иштеп жатышат.Ошондой эле стандартка ылайык докторантура, PHD, аспирантураны улантуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети Ош шаарындагы 52 мектеп, райондук бир канча мектептер жана ошондой эле Ош шаарындагы бей өкмөт уюмдар,туристик компаниялар,коомдук уюмдар менен тыгыз байланышта. Ар жыл сайын, билим берүү программасын иштеп чыгууда, кызыктар тараптарды сурамжылоо, учурдагы көйгөйлөрдү талкуулоо, окуу планын окутуу жаатында кызыктар тараптар менен талкуу өткөрүлүп турат.

Андан сырткары карьера бөлүмү бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуу максатында жарыя доскасына бош орундар кагаздарын илип маалымдап турат жана ар жылы окуу жылынын аягында “Бош орундар жарманкеси” университет тарабынан уюштурулуп, ага биздин бүтүрүүчүлөр активдүү катышып келишүүдө.

Бүтүрүүчүлөр менен тыгыз иш алып баруунун негизи студенттердин практикадан өтүүсүнө жана жумушка орношуусуна шарт түзмөкчү.
Бүтүрүүчүлөр менен тыгыз иш алып барууну күчөтүү үчүн ДТМФда карьера бөлүмү жана практикага жооптуу жетекчилик иштейт. Филологиялык билим берүү профили негизинен 52 ге жакын мектеп менен иш алып барат. Мекеме-ишканалар менен керектүү документтер даярдалган жана келишимдер түзүлгөн.

1. ДТжМ факультетинин филологиялык билим берүү багыты Ош шаарындагы 52 мектеп, алыскы жана жакынкы райондук бир канча мектептер, окуу борборлор менен жана ошондой эле Лингвистика багыты Ош шаарындагы бей өкмөт уюмдар, туристтик компаниялар, коомдук уюмдар (жалпы 20 келишим):
   Smile kg, ЭлТР КТРК, ОшТВ, American corner, Тур. Фирма «Авантия», Турфирма «CBT Alai», Фонд «Агахан», Интербилим, Munduz Tourist, Youth of Osh, Education for All, НПО « Ирет» ж.б. менен келишимдер түзүлүп алар менен тыгыз байланышта иш алып барууда. Келишимдер түзүлгөн жана эки тараптар тең кол коюлган.
2. 550300- Филологиялык билим берүү багыты “Чет тили профили”, 531100-Лингвистика багыты “Котормо жана котормо таануу” профили аккредитациядан 2019-жылы апрель айларында өткөн, бирок иш берүүчүлөр менен байланыштуу маселелерге сын-пикир берилген эмес, бирок бир канча сунуштар айтылган жана ошол сунуштардын негизинде иш план түзүлүп, алгылыктуу иштер алып барылып жатат.

ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин “Филологиялык билим берүү” бакалавр багытынын кызыктар тараптары болгон ата-энелер, иш берүүчүлөр, профессордук окутуучулук курам жана студенттери менен биргеликте кезектеги жыйын 2020-жылдын 12-декабрь күнү болуп өттү. Жыйынга келген ата-энелер, иш берүүчүлөр бул программаны тейлеген “Англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы” кафедрасынын окутуучулары тарабынан даярдалган презентацияларды, “Филологиялык билим берүү” багыты боюнча слайддын жардамында программанын максаттары, милдеттери,күтүлүүчү натыйжалары, ар түрдүү иш аракеттери жөнүндө кеңири маалымат берилди жана студенттердин сандык көрсөткүчү, окуудагы абсолюттук жана сапаттык жетишкендиктери жөнүндөгү үч жылдык маалымат баяндалды. Ошондой

эле студенттер тарабынан англис тилинде даярдалган студенттердин ички жана сырткы мобилдүүлүгү, келечектеги англис тили мугалими аттуу презентациялар, Окутуучу+Ата-эне,Иш берүүчүлөр+Студент үч бурчтугу тыгыз байланышта иш алып барып мыкты жыйынтыкка жетишип, мыкты кадр даярдоого үч тарап менен макулдашуулар түзүлдү.










2019-ж. 26-мартында ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин Англис тилин окутуунун методикасы кафедрасы А. Навои атындагы орто мектебинде "Азыркы учурдагы англис тилин окутуунун абалы" деген тамада илимий- конференция өткөрдү. Конференцияга шаардын 50дөн ашык мектебинен мугалимдер, иш берүүчүлөр келип активдүү катышышты. Конференциянын жыйынтыгында резолюция кабыл алынды.







ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде, 2020-жылдын 25-декабрында, 4-курстун кесиптик профилдик практикасын жыйынтыктоо конференциясында стейкхолдерлер менен жолугушуу өткөрүлдү. Он-лайн конференцияга Ош шаарынын мектеп окутуучулары менен бирге Ала-Бука,Ноокат,Кара-Суу, Араван, Ноокен районунун, Тажик Республикасынын Тоолуу Бадахшан Автономиялык облусунан мектеп мугалимдери катышты. Студенттердин практика убагында өткөргон сабактары, иш чаралары көрсөтүлдү. Конференцияда дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин практика жетекчилери, педагогика, психология кафедрасынын окутуучулары, мектеп мугалимдери менен аралыктан өткөрүлгөн практиканын күнгөй тескейлери талкууланды. Студенттерден жана мектеп мугалимдеринен онлайн форматта алынган сурамжылоого анализ берилип, жогорку окуу жайы менен мектептин ортосундагы карым-катнашты бекемдөө керектиги белгиленип, конференциянын резолюциясы кабыл алынды.





Низкая пропускная способность сети Damira Kenjekulova ark 4
Открепить видео
Запись...
Выйти из полноэкранного режима
Damira Kenjekulova ark 4
Bakyt zulpukarov
Rakhat Sagyndykova
Попросить включить
Guljan Azhibaeva
Guljan Azhibaeva
Включить звук
Остановить видео
Безопасность
Участники
Опросы
Чат
Демонстрация экрана
Пауза/остановить запись
Субтитры по требованию


Запись
Вид
Guljan Azhibaeva
Rakhat Sagyndykova
Самара Каримовна
Ajjan Keneshbekkyzy
Bakyt zulpukarov
Maria Nazarova
Aigul Mitaevna
Aisana Samieva
Akbermet Kozu...
М
Айдаана Сакаб...
Altynai Ismailova
Roza Karimova
Включить звук
Остановить видео
Безопасность
Участники
Чат
Демонстрация экрана
Запись
Реакции
Выйти

Лингвистка багыты боюнча иш берүүчүлөр менен биргеликте иш чаралар өткөрүлүп жатат. 2020-жылдын 19-декабрда чоң масштабда “Возможности в сотрудничестве. Достижение общей цели” темасында конференция болуп (Протокол №4 12.12.2020) өттү.

Иш берүүчүлөр менен жолугушуу учуру








Факультете өткөрүлгөн иш чаралар төмөндөгү социалдык тармактарда жайгаштырылган. Фейсбукта: Факультет мировых языков и культур группасы, Fwlc Osh, Osu Translators ошондой эле инстаграммда @infac_oshgu, osu.translators.

Жыл сайын, билим берүү программасын иштеп чыгуу максатында, кызыкдар тараптарды сурамжылоо, учурдагы көйгөйлөрдү талкуулоо жана тегерек стол өткөрүү жана окуу планын окутуу жаатындагы иш берүүчүлөр менен талкуулоо өткөрүлөт. Анкетада адистерди даярдоонун сапаты, профессордук-окутуучулук курамдын компетенциясы жана алардын тажрыйбасы (тажрыйбалык ишмердуулугу), орто мектептерде адистерди даярдоонун сапаты жана профессордук-окутуучулук уюмдун уюмдар менен болгон мамилелери жөнүндө суроолор түзүлгөн. Сурамжылоонун жүрүшүндө профессордук-окутуучулар курамынын билим деңгээли, факультеттин материалдык-техникалык базасы, бүтүрүүчүлөрдүн базалык билими жана алардын педагогикалык-усулдук жөндөмдөрү жана компетенттүүлүк деңгээли боюнча суроолор каралды.

1.Өнөктөштүктү сапаттуу жаңы деңгээлге көтөрүү максатында ББПнын натыйжалуулугун жогорулатуудагы жана өркүндөтүүдөгү ролу боюнча ички жана тышкы кызыкдар тараптардын ортосунда жүргүзүлүп жаткан түшүндүрүү иштери натыйжалуу ББПга алып келди.
2.Жумуш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын НББПнын өркүндөтүүсү университеттин, профессордук-окутуучулук курамдын жана биздин НББПнын беделинин өсүшүнө алып келди.
3.Бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын ролу жогорулады, ММКлар менен иштөө ж.б., ошондой эле НББнын ролун күчөттү.
4.Акыр аягында жаңы дисциплиналарды иштеп чыгуу НББПны окутуунун жакшыраак болушуна алып келди.

Элективдүү курстардан улам сааттардын көбөйүшү тандоо эркиндигин камсыз кылды. Акыркы жылдары кызыкдар тараптар менен жолугушуулар көп өткөрүлүп, анда РО жана окуу программаларынын компетенциялары талкууланып, сапаттуу билим алууга багытталган. Ошентип Лингвистика багытында (бакалавр) 7-семестрдин **4- курсу үчүн "BusinessEnglish"** ЖОЖ предметтери жана филологиялык билим берүү(бакалавр) 3-семестрдин **2-курсуна "Туруктуу өнүгүү". BusinessEnglish** элективдүү курсун киргизүүнүн максаты студенттердин тил чөйрөсүндө лингвистикалык жана коммуникативдик чет тилдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу, ошондой эле социалдык жана профессионалдык мазмундагы коммуникативдик милдеттерди чечүүгө негизделген чет тилинде натыйжалуу байланышты ишке ашыруу. Бул курс чет тилдерди окутууда коммуникативдик мамиленин негизинде иштелип чыккан, демек студенттердин окуган материалдарын коммуникациялык практикада жана кесиптик ишмердүүлүктө колдоно билүү керек.

Квалификациялык жумуштардын аткарылышы боюнча эки багытта тең стейкхолдерлер жана окутуучулук курам менен биргеликте талкуулар жыл сайын өткөрүлүп турат. Квалификациялык жумуштардын тематикалары, сапаты, актуалдуулугу алардын прикладдык мааниси каралып кафедралардын жыйынында талкууланат. Кваликациялык жумуштарга берилген сырткы рецензенттердин пикири чоң мааниге ээ.

Иш берүүчүлөр тарабынан бүтүрүүчүлөр менен студенттердин жумушка кабыл алынуусу боюнча маселе каралып, жолго коюлган. Жыл сайын филологиялык билим

берүү багытында  бүтүргөн студентер атайын университет тарабынан уюштурулган жумушка жайгаштыруу иш чарасында( распределение) өздөрү алып келген келишимдер боюнча мектептерге жумушка жайгаштырылышат.  Иш берүүчүлөрдүн сунуштары жана талаптары канааттандырылып,  бир топ студенттер жана бүтүрүүчүлөр  иштеп жатышат. Алар Эл аралык уюмдарда, Фонд, Тышкы иштер министирликтеринде, (Smile kg,  ЭлТР КТРК, ОшТВ, American corner, Тур. Фирма «Авантия», Турфирма «СВТ Alai», Фонд «Агахан», Интербилим, Munduz Tourist, Youth of Osh, Education for All, НПО « Ирет») ж.б.

**Орун алган кемчиликтер, проблемалар**

1. Кээ бир тышкы кызыкдар тараптар компетенттүүлүккө негизделген мамилени киргизүү менен билим берүү реформасынын маңызын түшүнүшпөйт, ошондуктан алар ЭӨБгө өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын толук түшүнүшпөйт.
2. Айрым кызыкдар тараптар өздөрү катышкан анкетанын натыйжаларына кызыкдар эмес, бул ошондой эле РО өкүлдөрүнүн өздөрү сурамжылоонун анализин жана тийиштүү оңдоолорду киргизип бүтпөгөн кырдаалга алып келет.

**Жакшыртуу үчүн сунуштар**

Өнөктөштүктү сапаттуу жаңы деңгээлге көтөрүү үчүн НББПнын натыйжалуулугун жогорулатууда жана өркүндөтүүдө алардын ролу жөнүндө ички жана тышкы кызыкдар тараптардын арасындагы маалыматты күчөтүү зарыл.